БЕКИТЕМ
И. Абдраимов атындагы Кыргыз
авиациялык институтунун директору
_____________ У.Э. Курманов
«___»_____________2026-ж.

**И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтуна**
**2026-2027-окуу жылына кабыл алуу**
**ТАРТИБИ**

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Тартип Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 3, 5, 32, 41, 54-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтомуна жана Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү башка нормативдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан жана И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиация институтуна (мындан ары — Авиаинститут) кабыл алуу жана тандоо тартибин аныктайт.
2. Кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын жарандарынын жана башка мамлекеттердин жарандарынын Авиаинститутка жогорку кесиптик билим берүүнүн окуу программалары боюнча юридикалык жана (же) жеке жактар менен окуу акысы төлөнүүчү келишимдердин негизинде кабыл алынышын жөнгө салат жана төмөнкү негизги багыттар боюнча жүргүзүлөт:

-документтерди кабыл алуу;
-чет өлкөлүк абитуриенттер үчүн кабыл алуу сынактарын уюштуруу;
-абитуриенттерди каттоого алуу.

3. Бул Тартипте төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

- **жалпы республикалык тестирлөө (мындан ары - ЖРТ)** - бул билим берүү уюмдарына окууга тапшырууну каалаган адамдар үчүн көз карандысыз тестирлөө кызматы (мындан ары - КТК) тарабынан өткөрүлүүчү тестирлөө;

- **жайкы кабыл алуу** - абитуриенттерди билим берүү уюмдарына гранттык орундарга жана окутуунун наркын төлөө келишимдери боюнча орундарга жай мезгилинде кабыл алуу;
- **кышкы кабыл алуу** - абитуриенттерди билим берүү уюмдарына окутуунун наркын төлөө келишимдери боюнча орундарга, жайкы кабыл алуудан кийин бош калган орундарга кыш мезгилинде кабыл алуу;
-**билим берүү уюмдарына кабыл алууга конкурска катышуунун автоматташтырылган маалыматтык системасы (мындан ары - АМС)** - бул билим берүү уюмдарына учурдагы жылдын ЖРТ жыйынтыктары боюнча (кышкы кабыл алуу үчүн - өткөн жылдагы ЖРТнын жыйынтыгы боюнча), чет өлкөлүк жарандар үчүн ички экзамендердин жыйынтыгы боюнча онлайн режиминде каттоо жана кабыл алуу үчүн портал;
- **электрондук талон** - бул АМС аркылуу электрондук түрдө берилген өтүнмө.

4. Авиаинституттун биринчи курсуна орто жалпы, орто кесиптик же баштапкы кесиптик билими (орто жалпы билими жөнүндө документи менен) бар жарандар кабыл алынат.

5. Кесиптик орто же кесиптик башталгыч билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документи бар адамдар (жалпы орто билими жөнүндө документи бар болсо) ЖРТдан өтпөстөн окутуунун наркын төлөө келишими боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн багыттары/адистиктери боюнча окуу үчүн тиешелүү профиль боюнча билим берүү уюмдарынын биринчи курсуна кабыл алынат.

6. Ар кандай деңгээлдеги жогорку кесиптик билим тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар жарандар Авиаинституттун тездетилген программалары боюнча окууга кабыл алынат. Ошондой эле, профили ылайык келген орто кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү дипломү бар жарандар тиешелүү адистиктер боюнча тездетилген программаларга кабыл алынат. Орто кесиптик билимдин профилинин жогорку кесиптик билимдин профилине шайкештиги Авиаинститут директорунун буйругу менен аныкталат.

Тиешелүү профилди камтыган орто кесиптик билим жөнүндө дипломү бар жарандар жогорку билим берүү адистиктеринин жогорку курстарына кабыл алынат. Орто кесиптик билимдин адистиктеринин тизмеси жана аларга профили боюнча ылайык келген жогорку билим берүү багыттары жана адистиктердин тизмеси Авиаинституттун тиешелүү буйругу менен бекитилет.

7. Магистратура программасы боюнча окууга жогорку кесиптик билими бар, "бакалавр" же "адис" квалификациясы ыйгарылган мамлекеттик үлгүдөгү дипломү бар жарандар кабыл алынат.

8. Кыргыз Республикасынын жарандары жана башка мамлекеттердин жарандары Авиаинститутка жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууга кабыл алуу жана тандоо жылына эки жолу – жайкы жана кышкы мезгилде жүргүзүлөт.

Кышкы кабыл алуу, эгерде жайкы кабыл алуудан кийин бош орундар калса, окуу акысын төлөөчү келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

9. Кыргыз Республикасынын жарандарынын тандоо жана кабыл алуу процесси ОРТ жыйынтыктарынын негизинде, ал эми чет өлкөлүк жарандар үчүн – АИС (электрондук кабыл алуу системасы) аркылуу жүргүзүлөт.

10. Чет өлкөлүк жарандардын окуусу Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерге, ошондой эле билим берүү уюмдарынын ортосундагы келишимдерге же жарандар менен түзүлгөн келишимдерге ылайык жүргүзүлөт.

11. Жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча кабыл алуу планы Авиаинститут тарабынан өз алдынча бекитилет.

12. Авиаинститутка күндүзгү, кечки (күндүзгү-сырттан) жана сырттан окуу формаларына, анын ичинде дистанттык билим берүү технологияларын колдонуу менен кабыл алууда негизги критерий болуп абитуриенттин билим деңгээли жана жөндөмү эсептелет.

## 2-глава. Билим берүү уюмдарына кабыл алууну уюштуруу

13. Жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) жыйынтыктары боюнча абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу (кышкы кабыл алуу үчүн — мурунку жылдагы ЖРТ жыйынтыктары боюнча) автоматташтырылган маалыматтык система (АМС)

аркылуу Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жыл сайын белгилеген мөөнөттөрдө жүргүзүлөт. Аскердик кызмат өтөөгө чейин тапшырылган ЖРТ жыйынтыктары 3 жылга чейин жарактуу. «Учуучу аппараттарды учууда эксплуатациялоо», «Аба транспортунун кыймылын башкаруу» профилдерине кабыл алуу абитуриенттер медициналык кароодон (ВЛЭК) өткөндөн кийин ишке ашырылат.

14. Чет өлкөлүк жаран болгон абитуриенттердин документтери АМС аркылуу жыл бою кабыл алынат.

15. Абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу үчүн Авиаинституттун директорунун буйругу менен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, анын төрагасы болуп институттун директору эсептелет.

16. Ушул жылдагы ЖРТ жыйынтыктары боюнча абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу комиссия тарабынан АМС аркылуу, билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жыл сайын белгилеген мөөнөттөрдө жүргүзүлөт.

17. Кабыл алуу комиссиясынын курамы төмөндөгүдөй түзүлөт:

Авиаинституттун директору (комиссия төрагасы);

жооптуу катчы;

окуу бөлүмүнүн өкүлү;

факультет менен кафедранын жетекчилигинен бирден өкүл.

18. Кабыл алуу комиссиясынын милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

-Ар бир билим берүү багыты боюнча конкурска катталган абитуриенттердин саны тууралуу протоколдорду түзүү;

-Конкурска катышкан абитуриенттердин рейтингдик тизмелерин түзүү;

-Кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин түзүү;

-Кабыл алууга макулдугун билдирген жана сунушталган абитуриенттердин тизмесин белгиленген формада тестирлөөнүн жыйынтыгын тастыктоо үчүн НТСке өткөрүп берүү.

19. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы лицензияда көрсөтүлгөн чектелген контингенттин, ошондой эле билим берүү тармагындагы ченемдик-укуктук актылардын талаптарынын сакталышы үчүн жооптуу болуп саналат, кабыл алуу жана апелляциялык комиссия мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иш тартибин, жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

20. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана иш тартиби директор тарабынан бекитилген жобо менен аныкталат. Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү — бир жыл.

21. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттер менен алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жеке кабыл алуусун Авиаинституттун директору дайындаган жооптуу катчы уюштурат.

22. Кирүү сынактарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн комиссия төрагасы экзамендик жана апелляциялык комиссиялардын курамын бекитет. Бул комиссиялардын ыйгарым укуктары жана иш тартиби тиешелүү жоболор менен аныкталат.

23. Ылдамдатылган программалар боюнча окууга кабыл алуу үчүн аттестациялык сынактарды уюштуруу жана өткөрүү максатында аттестациялык комиссия түзүлөт.

24. Авиаинститутка кабыл алуу маалында кабыл алуу комиссиясынын төрагасы Кыргыз Республикасынын билим берүү мыйзамдарында белгиленген жарандардын укуктарынын сакталышын, комиссия ишинин ачык-айкындыгын, абитуриенттердин жөндөмдүүлүгүн калыс баалоону, кабыл алуу комиссиясы жетекчилигинин бардык этаптарда жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

25. Кабыл алуу комиссиясы абитуриенттин ЖРТга катышуу тууралуу маалыматтардын аныктыгын текшерүүгө милдеттүү жана абитуриент тарабынан берилген башка билим берүү документтерин да текшерүүгө укуктуу.

**3-глава. Абитуриенттерге маалымат берүүнү уюштуруу**

26. Абитуриент, анын мыйзамдуу өкүлдөрү жана ата-энелери Авиаинституттун уставы, билим берүү ишмердүүлүгүнө берилген лицензиялары жана аккредитациялык сертификаттары, кабыл алуу эрежелери, кирүү экзамендеринин программалары, окуу үчүн төлөнүүчү акынын өлчөмү жана төлөө тартиби, ошондой эле кабыл алууга байланыштуу башка зарыл маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

27. Документтерди кабыл алуу башталганга чейин Авиаинституттун кабыл алуу комиссиясы төмөнкү маалыматтарды жарыялайт:

-окуу жайга кабыл алуу боюнча жыл сайынгы эрежелерди;

-билим берүү ишин жүргүзүү укугуна берилген лицензияга ылайык Авиаинститут кабыл ала турган билим берүү багыттарынын тизмесин;

-ар бир багыт боюнча жалпы билим берүү предметтери боюнча кирүү сынактарынын тизмесин;

-жогорку кесиптик билими бар адамдар үчүн кирүү сынактарынын тизмесин жана өткөрүү формаларын;

-ар бир багыт боюнча биринчи курс үчүн кабыл алына турган орундардын жалпы санын;

-кирүү жана аттестациялык сынактардын жыйынтыктары боюнча апелляция тапшыруу жана аны кароо тартибин;

-жатакананын бар экендиги жана жатаканада башка шаардан келген абитуриенттер үчүн орундардын саны жөнүндө маалыматты;

-окуу акысы төлөнүүчү келишимдүү негизде окуй турган абитуриенттер үчүн келишимдин үлгүсүн;

-медициналык кароодон (ВЛЭК) өтүү жана кошумча сынактарды тапшыруу мөөнөттөрүн (тиешелүү учурларда);

-2 жана андан кийинки курстарга кабыл алуу үчүн аттестациялык сынактарды өткөрүү мөөнөттөрүн;

-окуу акысын төлөө мөөнөттөрүн.

28. Документтерди кабыл алуу учурунда кабыл алуу комиссиясы абитуриенттердин суроолоруна жооп берүү үчүн атайын телефон линияларын уюштурат. Ар бир багыт боюнча берилген арыздардын саны жана конкурс тууралуу маалыматтар расмий сайтта жана кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасында жайгаштырылат.

## 4-глава. Документтерди кабыл алуу

29. ЖОЖго кабыл алуу жарандардын жеке арызынын негизинде жүргүзүлөт.

30. Ылдамдатылган программалар боюнча жана ЖРТ жыйынтыгын талап кылбаган билим берүү багыттары боюнча окууга документтерди кабыл алуу 20-июндан башталып, 1-октябрда аяктайт.

31. Чет өлкөлүк жаран болгон абитуриенттерден документтер АМС аркылуу жылына эки жолу кабыл алынат: 20-июндан жана 1-декабрдан тарта. АМС аркылуу тартиби билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

32. Кабыл алуу тууралуу арыз берген учурда абитуриент өз каалоосу боюнча өздүгүн жана жарандыгын тастыктаган документтин түп нускасын же нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн, мамлекеттик үлгүдөгү билим берүү документин (түп нуска же күбөлөндүрүлгөн көчүрмө) жана белгиленген сандагы сүрөттөрдү тапшырат. Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан берилген документтердин көчүрмөлөрүн Авиаинститут түп нускасынын негизинде күбөлөндүрүүгө укуктуу.

33. Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар, эгерде алар чет өлкөлүк окуу жайларда билим алышкан болсо, кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасындагы орто жалпы, орто кесиптик же жогорку кесиптик билимге барабар болгон билим берүү документинин көчүрмөсүн тапшырууга милдеттүү. Чет өлкөлүк окуу жайлар берген билим берүү документтеринин барабарлыгы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу орган тарабынан тарабынан аныкталат. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген билим мазмунунун деңгээлине шайкештиги тууралуу маалымкатсыз Кыргыз Республикасынын жарандары менен чет өлкөлүк жарандарды кабыл алууга жол берилбейт.

34. Абитуриент документтерди тапшырган учурда, ага документтер кабыл алынганы тууралуу расписка берилет.

Ар бир абитуриентке жеке иш папкасы ачылат, анда тапшырылган бардык документтер жана кирүү, аттестациялык сынактардын материалдары (анын ичинде апелляциялык комиссиянын чечими тууралуу протоколдон үзүндү) сакталат. Абитуриенттердин жеке сынактык иштери, документтерди кабыл алуу башталган күндөн тарта алты айга чейин сакталат.

35. Окуу жайдын кабыл алуу комиссиясына атайылап жасалма документтерди тапшырган абитуриенттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

## 5-глава. Абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу механизми

36. Абитуриенттерди кабыл алуу боюнча конкурстук тандоо ушул жылдагы ЖРТ жыйынтыктарынын негизинде АМС аркылуу жылына эки жолу жүргүзүлөт. Кышкы кабыл алуу мурунку жылдагы ЖРТ жыйынтыктарынын негизинде АМС аркылуу жүргүзүлөт. Конкурска Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аныктаган босого баллга тең же андан жогору негизги тесттен балл алган абитуриенттер гана катыша алышат.

37. Жогорку балл алган абитуриенттер кабыл алууга сунушталат. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги ЖРТ жыйынтыктары боюнча конкурстук турлардын санын жана өткөрүү графигин жыл сайын бекитет. Бардык турларда

тандоо жана кабыл алуу эрежелери бирдей. Акыркы турдан кийин бош орундар калган учурда, кабыл алуу комиссиясы рейтингдик тизмеде кийинки орунда турган талапкерлерди кабыл алууга сунуштайт.

38. Негизги тест боюнча гана босого баллга жеткен, бирок предметтик тесттерге катышпаган абитуриенттер да конкурска катыша алышат. Бирок кабыл алууда предметтик тесттердин жыйынтыктары бар абитуриенттер артыкчылыкка ээ болот. Калган орундарга негизги тесттин жыйынтыктары боюнча талапкерлер сунушталат.

39. Конкурстан тышкары, тиешелүү документтери болгон учурда жана оң баага тете балл алган абитуриенттер төмөнкү категорияларда кабыл алынат:

-ата-энеси жок калган толук жетим балдар жана каровсуз калган балдар;

-ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар (медико-социалдык экспертизанын корутундусуна ылайык, тандаган багыты боюнча окууга каршы көрсөтмөсү жок болсо);

-ушул жылдагы эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрү (1–3 орунду ээлеген), эгерде олимпиаданын предмети тандалган багыт боюнча негизги предмет болсо;

-ушул жылдагы "XXI кылымдын интеллектуалдары" аттуу республикалык сынактын жеңүүчүлөрү (1 орун) жана байге ээлери (2–3 орун), эгерде сынактын номинациясы техникалык багыттагы адистиктерге дал келсе жана абитуриент ЖРТга катышып, босого баллга жетсе;

40. Бирдей шарттарда кабыл алууда төмөнкү абитуриенттер артыкчылык укугуна ээ (тиешелүү документтер менен):

-«Кыргыз Республикасынын спорт чебери» жана «Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери» наамдарына ээ болгон абитуриенттер;

- мөөнөттүү аскер кызматын өтөгөн абитуриентке;;

-"Кыргызтест" системасына ылайык мамлекеттик тилди билүү деңгээли тууралуу мамлекеттик орган тарабынан берилген сертификатка ээ болгон адамдар;

-ЖРТнын предметтик тестинен жогорку балл алган абитуриенттер.

- учурдагы календардык жылы мектеп окуучуларынын облустук конкурстарында 1, 2 жана 3-орундарды ээлеген абитуриенттерге. Мектеп окуучуларынын облустук конкурстарынын тизмеги Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан аныкталат.

Бул категорияларга тиешелүү абитуриенттердин санарип документтери АМСке тиркелиши зарыл.

41. Авиаинститут төмөнкү учурларда гана кирүү сынактарын өткөрөт:

-чет өлкөлүк жарандар үчүн;

-мамлекеттик үлгүдөгү баштапкы жана/же орто кесиптик билимге ээ болгон, багыты ылайык келген абитуриенттер үчүн.

42. Кирүү сынактары ЖРТ жыйынтыктары боюнча конкурстук турлар менен бир учурда өткөрүлүшү мүмкүн.

43. Кирүү сынактары төмөнкү предметтер боюнча өткөрүлөт: математика, физика, орус тили.

44. Кирүү сынактары орто жалпы билим берүү программаларына ылайык жүргүзүлөт.

45. Кирүү сынактарынын мөөнөтү ЖОЖдор үчүн алардын уюштуруу-укуктук формасына карабастан төмөнкүдөй белгиленет:

жайкы кабыл алуу — 1-июлдан 25-августка чейин;

кышкы кабыл алуу — 20-декабрдан 15-февралга чейин.

Чет өлкөлүк жарандар үчүн:

жайкы кабыл алуу — 1-августтан 1-декабрга чейин;

кышкы кабыл алуу — 20-декабрдан 20-мартка чейин.

Кыргыз Республикасында же чет өлкөлөрдө форс-мажордук кырдаалдар (жаратылыш кырсыктары, эпидемиялар, согуштук абал, өрт, өзгөчө кырдаалдар) жаралса, бул мөөнөттөрдү ыйгарым укуктуу орган узартууга укуктуу.

46. Кирүү жана аттестациялык сынактардын расписаниеси (предмет, дата, убакыт, экзамендик топ, экзамен өтө турган жер, консультация күндөрү, жыйынтыктар жарыялануучу күн) кабыл алуу комиссиясынын төрагасы же анын орун басары тарабынан бекитилет жана абитуриенттерге кечиктирбестен 20-июнга жана (кышкы кабыл алуу үчүн) 15-декабрга чейин жеткирилет. Расписаниеде комиссия төрагаларынын жана экзаменаторлордун ысымдары көрсөтүлбөйт.

47. Документтерди тапшыргандан кийин кайра артка кайтарып алган адамдар конкурстан четтетилет.

48. Жүйөлүү себептер менен кирүү сынагына келбей калган абитуриенттер (оору, жакын туугандарынын өлүмү жана башка документ менен тастыкталган учурлар) кийинки этаптарда параллелдүү топтордо же жеке түрдө кирүү сынактарын тапшырууга уруксат алат.

49. Ылдамдатылган программа боюнча окууга кабыл алуу мурда алынган жогорку же орто кесиптик билимдеги айрым предметтер жана окуу иш-чараларынын жыйынтыктарын кайра аттестациялоонун (кайра эсептөөнүн) негизинде жүргүзүлөт. Бул кайра эсептөөнү окуу жай өзү жүргүзөт. Ошонун негизинде окуу мөөнөтү да такталат — толук же бөлүктөп кайра эсептелген дисциплиналарга жана (же) практикаларга жараша аныкталат.

50. Магистратура программалары боюнча кабыл алуу жаранынын арызы жана кирүү сынактарынын жыйынтыктарынын негизинде жүргүзүлөт.

## 6-глава. Кирүү сыноолорун өткөрүүнүн жалпы эрежелери

51. Кирүү сынактары төмөнкү формаларда өткөрүлөт: экзамен (оозеки же жазуу түрүндө), тестирлөө (бланктык же компьютердик), маектешүү.

52. Тестирлөөнүн узактыгы — 30 же 60 мүнөт.

53. Абитуриенттер кирүү экзамендерине паспорт же жеке инсандыгын тастыктаган башка документ болгон учурда гана киргизилет.

54. Экзамен башталганга чейин экзамендик комиссиянын мүчөлөрү абитуриенттерге экзамендин өтүү тартиби боюнча инструктаж беришет.

55. Кирүү экзамендери учурунда абитуриенттерге төмөнкүлөр катуу тыюу салынат:

-окуу китептерин, дептерлерди, жазууларды, уюлдук телефондорду, электрондук жазуучу түзүлүштөрдү жана башка маалымат сактоочу каражаттарды алып келүү жана колдонуу;

-экзаменаторлордун уруксатысыз сүйлөшүү же орун которуу;

-экзамендик билеттер, жооп бланктары жана жазуулар менен алмашуу.

Экзамен өтүү тартибин кайра-кайра бузган учурда, абитуриент экзаменден четтетилиши мүмкүн жана кийинки экзаменге киргизилбейт. Мындай четтетүү боюнча акт түзүлүп, экзамендик комиссиянын мүчөлөрү кол коюп тастыктайт.

56. Абитуриент тест тапшырмасын бүтүрүп тапшырган учурда, комиссия мүчөлөрү төмөнкүлөрдү текшерет:тест тапшырмасындагы вариант номери менен жооп бланкындагы номердин дал келиши; жооп бланкында оңдоолор же белгилердин жоктугу; бланктын шариктүү же гелдүү калем менен толтурулушу.

57. Кирүү экзамендерине сырттан келген адамдардын катышуусуна тыюу салынат.

58. Экзамен бүткөндөн кийин тесттер, жооп бланктары жана экзамендик баракчалар кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына өткөрүлүп берилет.

59. Жооптуу катчы кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрү менен бирге жазуу иштери же жооп бланктарын шифрлейт, бул үчүн экзамендик баракчага жана жооп бланкына шарттуу шифр коюлат.

60. Экзамендик баракчалар жооптуу катчыда калтырылып, мөөр басылган сейфте сакталат. Жооп бланктары текшерүү үчүн экзамендик комиссиянын мүчөлөрүнө өткөрүлүп берилет, бирок аларды текшерүү ЖОЖдун ичинде гана жүргүзүлөт. Бул экзаменге тиешеси жок адамдар текшерүүгө катыша албайт.

61. Экзамендик иштерди текшерүү ошол эле күнү, шифрлөө бүткөндөн кийин дароо жүргүзүлөт.

62. Компьютердик тестирлөөдө суроолор жана жооптор компьютердин мониторуна чыгат. Бардык суроолор бүтүп же тестке берилген убакыт бүткөндө тест аяктайт. Тест жыйынтыгы электрондук протоколго жазылат. Абитуриент тест жыйынтыгы менен таанышканы кол коюу менен ырасталат жана бул маалымат экзамендик ведомостко киргизилет.

63. Абитуриенттин конкурска катышуусуна укук берүүчү минималдуу босого балл максималдуу мүмкүн болгон баллдын 40 пайызынан кем болбоого тийиш.

64. Экзамен өткөн күндөн кийинки күнү таңкы саат 10:00гө чейин кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси илиниши керек.

**65.** Авиаинститутка кабыл алынган абитуриенттердин жазуу иштерин алардын жеке иш кагаздарына тиркелет же электрондук (санарип) түрдө студенттердин маалымат базасына киргизилет. Кабыл алынбаган абитуриенттердин жазуу иштери алты ай бою сакталат, андан кийин жок кылынат.

## 7-глава. Апелляцияларды берүүнүн жана кароонун жалпы эрежелери

66. Кирүү же аттестациялык сынактын жыйынтыгы боюнча абитуриент белгиленген тартипте өткөрүү эрежеси бузулган жана/же жыйынтыгы менен макул эмес деген негизде апелляциялык комиссияга жазуу түрүндө апелляциялык арыз тапшырууга укуктуу (мындан ары – апелляция).

Эгерде сынак жазуу түрүндө өткөрүлсө, абитуриент өзүнүн иши менен таанышууга укуктуу.

67. Апелляцияны кароо — экзаменди кайра тапшыруу болуп эсептелбейт. Апелляция кароо маалында кирүү сынагынын жыйынтыгынын туура бааланган-бааланбагандыгы гана текшерилет.

68. Апелляция абитуриент тарабынан жеке өзү экзамен баасы жарыяланган күндөн кийинки күнү тапшырылат. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды жумуш күнү бою кабыл алууну камсыз кылат.

69. Апелляция каралып жаткан учурда абитуриенттин катышууга укугу бар. Абитуриент өзүнүн жеке инсандыгын тастыктаган документи жана экзамендик баракчасы менен келүүгө милдеттүү.

70. Жашы жете элек абитуриент менен (18 жашка чейинки) анын ата-энесинин бири же мыйзамдуу өкүлү катыша алат, мында мыйзамга ылайык жаш курагына жетпей туруп толук аракетке жөндөмдүү деп табылгандар бул эрежеден тышкары.

71. Апелляция каралгандан кийин апелляциялык комиссия экзамендик баа боюнча чечим чыгарат.

72. Апелляциялык комиссиянын мүчөлөрүнүн ортосунда пикир келишпестиктер жаралган учурда добуш берүү өткөрүлөт жана чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Апелляциялык комиссиянын протокол түрүндө түзүлгөн чечими абитуриентке кол койдуртулуп маалымдалат.

## 8-глава. Кабыл алуу

73. Абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алуу билим берүү документтеринин түп нускасы же анын көчүрмөсү болгон учурда жүргүзүлөт.

ЖРТ жыйынтыктарынын негизинде абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алууга төмөнкү документтерди АМСке электрондук түрдө тапшыруу менен уруксат берилет:

-паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;

-ЖРТ сертификаты;

-орто жалпы билим жөнүндө аттестат, орто кесиптик билим жөнүндө диплом же анын көчүрмөсү;

-аскердик билет же аскер комиссариатынан берилген маалымкат.

Ошол эле учурда документтердин түп нускаларын жана талап кылынган сандагы сүрөттөрдү абитуриент 30-августка чейин кабыл алуу комиссиясына тапшырууга милдеттүү.

Чет өлкөлүк жарандар ушул окууга кабыл алууда Тартиптин 32-пунктунда көрсөтүлгөн документтерден тышкары, милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин тапшырат

74. ЖРТ жыйынтыктары боюнча абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алуу ЖРТ сертификатынын түп нускасы болгон учурда гана жүргүзүлөт. Окууга тапшырууга ниетин билдирип, тиешелүү документтерди кабыл алуу комиссиясына тапшырган абитуриенттердин ЖРТ жыйынтыктары НТС тарабынан кабыл алууга чейин тастыкталышы зарыл.

75. Студенттердин катарына кабыл алуу жайкы кабыл алуу жыйынтыгы боюнча — 25-августка чейин, кышкы кабыл алуу боюнча — 15-февралга чейин жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк жарандардан кабыл алуу жайкы кабыл алуу боюнча — 1-декабрга чейин, кышкы кабыл алуу боюнча — 20-мартка чейин жүргүзүлөт. Чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуу

мөөнөттөрү Кыргыз Республикасында же чет өлкөлөрдө пайда болгон форс-мажордук жагдайларда (жаратылыш кырсыктары, эпидемиялар, согуштук абал, өрт, өзгөчө кырдаалдар) ыйгарым укуктуу орган тарабынан узартылышы мүмкүн.

76. Жүйөлүү себептерсиз кирүү сынактарына келбеген же канааттандырарлык эмес баа алган абитуриенттер конкурска катышпайт жана жогорку окуу жайына кабыл алынбайт.

77. Конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алуу тууралуу буйрук (буйруктар), экзамендерден же ЖРТдан топтогон упайлар көрсөтүлүп, жогорку окуу жайдын расмий веб-сайтына жарыяланат жана кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасына илинет.

## 9-глава. Маалымат берүү жана контролдоо

78. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине кабыл алуу жыйынтыктары боюнча маалыматы төмөнкү мөөнөттөрдө берилиши керек:

жазгы (жайкы) кабыл алуунун жыйынтыктары боюнча — 10-декабрга чейин;

кышкы кабыл алуунун жыйынтыктары боюнча — 30-мартка чейин.

**Кабыл алуу комиссиясынын**
**Жооптуу катчысы** **А. Ж. Сапарбекова**